# НОВОСАЛИК

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы**
Новосалик

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Дарынын түрү**
Мазь.

**Курамы**
Ар бир граммда төмөнкүлөр камтылат:
*Активдүү заттар:*
Бетаметазон дипропионаты,
0,5 мг бетаметазонго туура келет;
Салицил кислотасы 30 мг.
*Көмөкчү заттар:*
Ак жумшак парафин, суюк парафин, изопропилмиристат, ак аары мому.

**Фармадарылык тобу**
Башка препараттар менен айкалыштагы кортикостероиддер. Бетаметазон башка препараттар менен айкалышта.
**АТХ коду:** D07XC01.

**Фармакологиялык касиеттери**
Таасири анын курамына кирген компоненттерге шартталган айкалышкан препарат; сезгенүүгө каршы, шишимикке каршы, аллергияга каршы, вазоконстриктордук, антипролиферативдүү, иммундук депрессивдүү, кератолитикалык, микробго каршы, мите козу карынга каршы жана жергиликтүү гипотермикалык таасир көрсөтөт. Сезгенүүнүн медиаторлорунун бошонуусун токтотот, нейтрофилдердин четтеги топтолуусун алдын алат, сезгенүү суюктугун жана цитокиндердин продукциясын азайтат, инфильтрация жана грануляции процесстерин азайтууга алып келүү менен макрофагдардын көчүүсүн төмөндөтөт. Салицил кислотасынын болушунан улам терини жумшартат, мүйүздүү катмарлануусун жоготот жана ГКС тереңирээк киришине көмөк көрсөтөт. Мазь сууну өткөрбөөчү таасирге ээ жана терини сырткы нымдын таасиринен сактоо менен коргоочу пленканы пайда кылат; терең майды каныктыруучу таасирге ээ болуу менен териси кургак жана назик оорулууларды дарылоо үчүн көбүрөөк ылайыктуу.

**Колдонууга көрсөтмө**
Псориаз, экзема (өзгөчө өнөкөт), ихтиоз, катуу лихенизациясы менен чектелген кычыткы, атопиялык дерматит, диффуздук нейродермит;
жөнөкөй жана аллергиялык дерматиттер;
бөрү жатыш, көп формалуу экссудативдүү эритема;
жөнөкөй өнөкөт чакалай (чектелген нейродермит);
Башка ГКС дарылоого жатпаган дерматоздор (өзгөчө кызыл сөөлдөрү менен чакалай), кызыл жалпак чакалай, теринин дисгидрозу.

**Каршы көрсөтмө**
Бетаметазонго, салицил кислотасына же препараттын көмөкчү компоненттеринин кайсы бирине өтө сезгичтик.
Теринин кургак учугу, котон жаранын теридеги көрүнүштөрү, суу чечек, теринин вирустук инфекциялары, вакцинадан кийинки теридеги реакциялар, ачык жарааттар, трофикалык жаралар, розацеа, вульгардуу безеткилер, 6 айга чейинки балдар курагы.
Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили:
Кош бойлууларда Новосалик препаратын жергиликтүү колдонуу эне үчүн күтүлгөн пайда түйүлдүк үчүн коркунучтан ашкан учурларда жол берилет. Мындай учурларда препаратты колдонуу узакка эмес жана көп эмес тери катмарынын участогу менен чектелиши керек.
Эне сүтүн эмизген мезгилде Новосалик препаратын колдонуу катуу көрсөтмө боюнча мүмкүн, бирок мында препаратты эмизүүнүн алдында эмчек безинин терисине сыйпоого болбойт.

**Колдонуу жолу жана дозалары**
Сыртынан колдонуу үчүн гана.
Сыртынан колдонуу үчүн мазь формасындагы Новосалик препараты жылмакай териде колдонуу үчүн дайындалган.
Новосалик мазы күнүнө эки жолу колдонулат. Маздын чоң эмес өлчөмү теринин үстү боюнча жеңил сүртүү менен тегиз бөлүштүрүлөт. Жеңил учурларда бир жолу колдонуу жетиштүү.
Үзгүлтүксүз дарылоо курсунун узактыгы эреже катары 3-4 жума менен чектелет. Дарылоонун узагыраак курсу зарылдыгында препаратты сейрегирээк, мисалы, күн алыс колдонуу сунушталат.
Өнөкөт ооруларды дарылоодо оорунун кайталануусунан алыс болуу үчүн, дарыгердин байкоосу алдында дарылоону бардык симптомдор жоголгондон кийин, дагы бир нече убакыт улантуу керек. Жыл ичинде дарылоону бир нече жолу кайталоого мүмкүн.

**Кыйыр таасири**
Кыйыр таасирлери, эреже катары, алсыз айкын мүнөздө жүрөт.
Өтө сезгичтик реакциялары өрчүшү мүмкүн (кычышуу, ачышуу же кызаруу). Башка глюкокортикостероиддерди колдонгон сыяктуу эле, сейрек безетки сымал өзгөрүүлөр, гипопигментация, теринин тилке болуп жарылышы, теринин атрофиясы, гипертрихоз, телеангиэктазия, теринин экинчи инфекциялары өрчүшү мүмкүн
Бетаметазонду теринин чоң жерлерине узакка үзгүлтүксүз жергиликтүү колдонууда бөйрөк үстүндөгү бездердин кыртышынын функциясын басууга байланышкан системалуу кыйыр таасирлерди пайда кылат.
Өтө сезгичтик реакциялары же кыйыр көрүнүштөр пайда болгон учурда дарылоону токтотуу жана дарыгерге кайрылуу керек.

**Ашыкча доза**
Бетаметазон менен салицил кислотасынын айкалышын узакка үзгүлтүксүз, өзгөчө балдарда, теринин кеңири катмарына колдонууда, бүтүндүгү бузулган териге сыйпоодо же окклюзиондук таңгыч алдына колдонууда, активдүү компоненттердин катуу сиңүүсү жана системалуу таасирлердин пайда болуусун жокко чыгарууга болбойт.
Мындай учурда препаратты токтотуу жана оору белгилерине жараша дарылоо сунушталат.

***Педиатрияда колдонуу***
Балдарда Новосалик препаратын (сыртынан колдонуу үчүн мазь) этияттык чараларын катуу сактоо менен болушунча кыска узактыкка колдонулат, себеби балдарда дене салмагына караганда теринин аянты басымдуулук кылгандыктан жана эпидермистин жетилбегендигинен улам активдүү компоненттердин пропорционалдуу көбүрөөк сиңирүү коркунучу бар. Препаратты балдарда таңгычтардын алдында, өзгөчө пластификацияланган жалаяк шымдардын алдына колдонууга болбойт, бул жагымсыз көрүнүштөрдүн өрчүү коркунучун көбөйтөт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Башка дары каражаттары менен клиникалык ишенимдүү өз ара таасирлери белгиленген эмес. Безеткилерди дарылоо үчүн косметикалык жана дерматологиялык каражаттарды, этанол камтыган каражаттарды, же айкын кургатуучу таасири бар медициналык самынды жана у.с бир убакта колдонуу белгилүү учурларда теринин дүүлүгүүсүн пайда кылышы мүмкүн.

**Өзгөчө көрсөтмө**
Новосалик мазы териге жана/же баштын чачтуу бөлүгүндө сыртынан колдонуу үчүн гана дайындалган.
Көзгө жана былжыр челдерге тийгизүүдөн алыс болуу керек.
Розацеа тибиндеги дерматиттин, периоралдык дерматиттин, теринин атрофиясы жана безеткинин өрчүү мүмкүндүгүнө байланыштуу мазды беттин терисине узакка колдонуу сунушталбайт. Препаратты аногениталия жакка колдонуудан алыс болуу керек.
Бул зарыл болгон учурларды кошпогондо, препаратты окклюзиондук таңгычтын алдында колдонуу сунушталбайт. Териде мите козу карын же бактериялык микрофлоранын өрчүүсүндө кошумча бактерияга каршы же мите козу карынга каршы каражатты колдонуу зарыл.
Унаа каражаттарын жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири:
Новосалик препаратынын унаа каражаттарын жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө жагымсыз таасири тууралуу маалыматтар жок.

**Чыгаруу формасы**
Тубада сыртынан колдонуу үчүн мазь 30 г.
Бир туба колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон тангакта.

**Сактоо шарты**
Кургак, жарык тийбеген жерде, 25ºС жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл. Жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Берүү шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**
Replek Farm Ltd., Skopje
Kozle Str. 188, 1000 Skopje
Republic of Macedonia (Македония Республикасы)

**Үчүн өндүрүлдү**
Vegapharm LLP
Unit 18, 53 Norman Road, Greenwich Centre Business Park
Лондон, SE10 9QF, Улуу Британия

**Кыргыз Республикасынын аймагында керектөөчүлөрдөн продукттун сапаты боюнча дооматтарды кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Аман Фарм» ЖЧК,
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы, Тыныстанов көч., 4а үй, 11-батир,
E-mail: aman.pharm12@gmail.com

Vegapharm